# Мага ооз гармошкада ойноп берчи



Автор: Шоба Дьюи Чугани

Сүрөтчү: Сингги Кахё

Которгон: Назира Сартбаева

# Мага ооз гармошкада ойноп берчи

Автор: Шоба Дьюи Чугани
Сүрөтчү: Сингги Кахё
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мага ооз гармошкада ойноп берчи" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Play me the harmonica* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Shoba D'yui Chugani жана сүрөтчүсү Singgi Kakho. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/play-me-the-harmonica?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Луки менен ойногон дайыма көңүлдүү эле. Ал мага көп жаңы нерсени үйрөтчү.
Мен анын колледжден кайтып келишин чыдамсыздык менен күтөм.

Биз дайыма бир нерсе ойноп же ар кандай буюмду оңдочубуз. Ура! Сынган желдеткич кайра иштеп калды.






Луки сүрөттү жакшы тартат. Мен анын тартканын кайталачумун.

– Байке, бул кимдин көлөкөлөрү?

– Хм… Билбейм, балким ойногусу келген феялар болуп жүрбөсүн, – деди Луки күлүп.

Бир жолу Луки мага ооз кыягын тартуулады. Анда ойногонду үйрөттү.

– Менин кичинекей феям, ооз гармошкаңды ал. Жаңы обон чыгаралы.





Бирок Луки дайыма эле шайыр эмес болчу. Кээде ал бир күн бою чарчагандай, маанайы жок жүрчү.

– Байке, – деп чакырсам да, мага көңүл бурчу эмес.

Луки капа болгондо мен ага ооз кыякта ойноп берчүмүн.

Апам ага дары берчү.

Негизинен, Луки тез эле сакайып, кайрадан мени менен ойноп калчу.





Бир жолу Луки сүрөт тартуу үчүн куралдарын алып чыкты. Мен кубануу менен артынан жөнөдүм. Бирок ал мага көңүл бурган жок.

Ал сүрөт тарта берди. Сүрөттөрү кызыктай боло баштады.

Салам… Бул эмне?

Ой… бул кандай коркунучтуу сүрөттөр!

Мындай сүрөттү мен тарткым келген жок.





Андан кийин Луки сүрөтүн көрсөтүп, өзү менен өзү сүйлөшүп баштады.

– Алар ызы-чуу салышат! Алар мени тартып жатышат – деп көп жолу айтты ал.

– Ой, жок, Лукиге эмне болду? Мен тезинен апамды чакырдым.

– Алар чыныгы эмес, Луки, – деди апам, аны тынчтандырууга аракет кылып.

Бирок Луки дагы эле өзүнө келген жок. Атам менен апам Лукини дарыгерге алып барышты. Ошол күнү Луки үйгө келген жок.





Байкем жок мен жалгыз ойнодум. Ооруканада бир жума жаткандан кийин Луки үйгө кайтып келди.

– Ура! Байкем айыкты! – деп кыйкырдым мен.

– Дарыгер Лукини үйдөн дарылоону улантса болорун айтты, – деди апам.

Луки көбүрөөк эс алышы керек болчу. Ошондой эле дарысын ичиши керек эле. Луки окуусун убактылуу токтотту.

– Байке, биз кайрадан ойношубуз үчүн бул дарыларды ич, – деп мен анын көңүлүн көтөрүүгө аракет кылдым.





Луки өзүн жакшы сезип баштады. Ал жылмайып, баягыдай капалуу болбой калды.

– Бери кел, кичинекей Феям! Кел ойнойлу! – деди Луки бир күнү эрте менен кубанып учурашып.

Луки айыгып, шайыр болуп калды. Биз чогуу көп ойнодук.
Анын колледжге кайтып келишине уруксат беришти.





Бирок колледжде Лукинин бош убактысы жок болчу. Үй тапшырмалары көп, кээде ал сабагын кечке чейин жасачу.

– Луки, сен эс алышың керек! – деп апам ага эскертип турчу.

– Келгиле ушул дем алышта эс алып келели, – деп сунуштады атам.

– Саякаттоо – эң сонун идея!





Эң сонун! Луки менен саякатка чыгуу кызыктуу эле.
Мен тез эле өз кийимимди даярдадым.

Мен даярданууга жардам берейин деп, Лукинин бөлмөсүнө жүгүрүп бардым.
Ал өзүнүн фотоаппаратын чачып отурганын көрүп таң калдым.
Менимче, фотоаппарат жакшы эле иштеп жаткан.
– Байке! – деп чакырдым мен аны, бирок ал мени уккан жок.





Ал эч жакка баргысы келген жок.
Дарыгер Лукини көргөнү келип, Луки чарчаганын айтты.

Биз саякатка барган жокпуз.

Мен капа болдум, Лукиге жардам бергим келди. Бирок ал алыс жакта… ачык космосто учуп жүргөндөй сезилди.





Мен ооз кыякта Лукиге ойноп бердим. Бир обонду, андан кийин экини, андан кийин ал мага үйрөткөн бардык обонду ойнодум. Кээде Луки бурулуп мени карап калчу. Мен буга кубанып, ал үчүн күндө ойноп жаттым.

Бир жолу эртең менен мен ооз кыяктын үнүнөн ойгонуп кеттим.

Бөлмөмдөн жүгүрүп чыктым. Луки мени жылмайып тосуп алды.

– Салам, менин кичинекей феям! Сураныч, кыякта мен үчүн ойногонду токтотпо, макулбу?




Көбүрөөк билүү

Бул окуяда Лукинин психикалык оорусу бар экендиги айтылат. Психикалык ден соолуктун бузулушу – бул адамдын оюна, сезимдерине, маанайына жана жүрүм-турумуна таасирин тийгизген абал. Психикалык ден соолуктун бузулуу түрлөрү депрессияны, коркууну, биполярдык бузулууну, шизофренияны жана башкаларды камтыйт. Симптомдору ар кандай жана узак убакыт кайгырууну, коомдон обочолонууну, акылындагы үндөрдү, коркуу сезимин жана уктоо жана тамактануу образындагы өзгөрүүлөрдү камтышы мүмкүн.

Физикалык симптомдор ичтин, арканын оорушун жана баш ооруну камтышы мүмкүн.

Мындай абалдын так себептери белгисиз. Психикалык бузулууну дарылардын жана дарыгер менен үзгүлтүксүз консультациянын жардамы менен жакшыртууга болот. Эгерде сиздин үй-бүлө мүчөңүздө психикалык оорулуу болсо, мындан уялуунун же коркуунун кереги жок. Сиздин сүйүүңүз жана колдооңуз ооруп калган адамдын абалын жакшыртууга жардам берет.



Бул долбоор жөнүндө

Майып балдарга карата жаңылыш стереотиптер, басмырлаган мамиле жана көп нерсеге үмүт артпоо жана өнүгүү жолундагы башка мүмкүнчүлүктөр үчүн тоскоолдук жаратат. Бул көйгөйдү чечиш үчүн Индонезиядагы жана Тынч океан аралдарындагы Азия фонду калкка майып балдар жана алардын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүүгө багытталган он аңгемени иштеп чыкты. Бул окуялар менен текст, аудио форматында жана жандоо тилинде таанышууга чакырабыз.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Шоба Дьюи Чугани
Сүрөтчү: Сингги Кахё
Которгон: Назира Сартбаева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли